## Аламүдүн районунун “Келечек” орто мектебинин 2019 - 2020 - окуу жылынын биринчи жарым жылдыгында аткарган соц. педагогдун жалпы профилактикалык иш анализи.


2019-2020-окуу жылынын сентябрь айында мектептин планы боюнча класс жетекчилерге ар бир класстын социалдык паспортун толтуруу тапшырмасы берилген. Толтурулган социалдык паспорттун жыйынтыгында “Келечек” орто мектебинде төмөндөгүдөй маалымат аныкталган:

- Толук жетим – ЖОК
- Жарым жетим – 11
- Социалдык жетим – ЖОК
- “Тобокел тобу” – ЖОК
- Тарбиясы оор балдар – ЖОК
- Көп балалуу үй-бүлөө – 5
- Мигрант - 3
- Аз камсыз үй-бүлөө – ЖОК
- Мүмкүнчүлүгү чектелген окуучулар – ЖОК
- Жашоо шарты оор үй-бүлөөлөр - ЖОК
- Афган согушунун арадагери – ЖОК
- Чернобыль - ЖОК
- Баткен согушунун ардагери - ЖОК
- Мектеп ичиндеги учётто тургандар – ЖОК
- ИДНдин учётунда тургандар – ЖОК


Мектеп администрациясы ЖӨИ инспектору Мандыбаева Н.А. менен биргеликте башталгыч класстардын окуучулары менен “Жолдо жүрүү эрежеси”, “Жүрүм – турум эрежеси” боюнча түшүндүрүү иштери жүргүзүлдү.







Мектеп уюштуруучусу Жуманова Н.Т. менен биргеликте 9-сентябрь “Комуз” күнү, “23-сентябрь Тил күнүнө” карата иш-чаралар уюштурулуп, окуучулар активдүү катышышты.





Мектептин планы боюнча октябрь айында төмөнкү иштер жүргүзүлдү.

Бул айда Совет профилактика өткөрүрүлдү.


Совет профилактикада 7 “А” классынын окуучулары Алиев Саидали, Жумагазиев Темирлан, Досалиев Баястан, Мусатдинов Ислам, Камалов Забид окуучуларынын жүрүм – туруму каралды. Себеби бул окуучу балдардын жүрүм – туруму начар болуп, сабакка даярдыгы жок келишкенинен көп мугалимдерден арызданууу болгон. Класс жетекчи көп жолу сүйлөшүү жүргүзгөн. Бирок жыйынтык чыккан эмес. Совет профилактикага окуучулардын ата-энелери, ИДН Шакенова Дильзат жана ошондой эле предметтик мугалимдер чакыртылып, мектеп администрациясынын алкагында өткөрүлдү. Кеңешменин жыйынтыгында жогорудагы окуучулар мектептин ички учётуна 3 айлык мөөнөткө коюлду.


6-7-класстардын окуучуларынан анонимно түрүндө анкета алынды. Анкетанын жыйынтыгында окуучулардын 85%ти мугалимге ал эми 15% ти ата-энелерине ишенишээрин көрсөтүшкөн. 8-9-класстардан “Ден-соолукка кам көрүү” темасы боюнча анкета алынды. Окуучулар ден-соолукту чыңдоо үчүн физикалык көнүгүүлөрүнө кызыгышаарын көп белгилешкен.


Ошондой эле ӨӨКЖД курамынын жардамы менен төмөнкү иш-чаралар жүргүзүлдү.“Коопсуз мектеп” темасынын алкагында класстык сааттар өткөрүлдү. Класстык сааттарда окуучулар өрт кырсыгынын алдын алуу жолдору боюнча кененирээк маалымат ала алышты. Мектеп администрациясы ӨӨКЖД курамы менен биргеликте өрт кырсыгына каршы эвакуация жүргүзүлдү. Берилген мүнөттүн ичинде мугалимдер, окуучулар, мектептин ички кызматкерлери өтө тез ылдамдык менен сыртка чыгышты. Бул иш-чара эмне себептен жүргүзүлгөнү боюнча окуучуларга түшүндүрүлүп берилди.

Окуучулар “Өрт  коопсуздугундагы балдардын ролу”, “Суу коопсуздугундагы балдардын ролу” деген темада сүрөт тартышты. Окуучулар абдан активдүү катышышып, сүрөттөрдө кырсыктын келип чыгуу себептерин так даана көрсөтүп беришкен. Ошондой эле мектеп администрациясы башталгыч класстарга дубал газетасынын жардамы менен окуучуларга кененирээк маалымат берди.





Мектеп администрациясы ӨӨКЖД курамы менен тыгыз байланышта иштешип, “Кырсыктардын тобокелдигин азайтуу” темасы боюнча маалыматтык материалдарды, класстарга таратып, лекция окуп беришти.


Мектептин планы боюнча ноябрь айында төмөнкү иштер жүргүзүлгөн.

Бул айда Совет профилактикасы өткөрүлдү.

Совет профилактикада 5 “А” классынын окуучулары Иманбеков Байдөөлөт, Юсупов Хамид, 7 “А”классынын окуучусу Эркинбек уулу Руслан, 8 “А” классынын окуучусу Раджапова Дона, 9 “А” классынын окуучулары Шералиев Баястан, Жеенкулов Нурэл, Сулайманов Рамазан, Юсупов Хамид окуучуларынын ата-энелери класс жетекчиси тарабынан чакыртылып, жүрүм-турумдары, окууга жетишпегендиги, сабакка ар дайым кечигип келүүсү, ата-эне тараптан көзөмөл болбой жаткандыгы боюнча кеңешме өткөрүлдү. Жыйынтыгында ата-энелерге үйдөн көзөмөлдөө күчөтүлсүн жана сабактарга келип катышуу милдеттендирилсин деп чечим кабыл алынды.

Мектеп администрациясы ЖӨИ инспектору Мандыбаева Н.А. менен биргеликте 5-6-7-8-9- класстардын окуучулары менен “Административная ответственность” боюнча алдын-алуу түшүндүрүү, сүйлөшүү иштери жүргүзүлдү.























Мектептин планы боюнча декабрь айында төмөнкү иштер жүргүзүлдү.

Бул айда Совет профилактикасы өткөрүлгөн жок.

Мектеп администрациясы жана ЮДМ менен биргеликте “Баланын укугу жөнүндө конвенцияга 30жыл” деген темада лекция өтүлүп, видео ролик көрсөтүлдү. Окуучулар кененирээк маалымат ала алышты.













2020-Жаңы Жылдык майрамга карата акимчилик тарабынан уюштурулган жаңы жылдык балаты кечесине мектептин жарым жетим категориясында турган 1 “А” классынын окуучусу Акимбаев Белек, ошондой эле мигрант үй-бүлөө категориясында турган 1 “А” класынын окуучусу Сапаралиева Феруза жиберилди.





Ал эми губернатор тарабынан уюштурулган Жаңы Жылдык балаты кечесине мектептин көп балалуу үй-бүлөө категриясында турган 5 “А” классынын окуучусу Асанолва Ноорузгүл ошондой эле жарым жетим категориясында турган 5 “Б” классынын окуучусу Таштанов Абдусамит барышып, атайын даярдалган коцерттик программаны көрүшүп, белектерин алышты.





2019-2020-окуу жылынын I жарым жылдыгынын ичинде сабактан калган, сабакка кечиккен, мектеп тартибин сактабаган, ошондой эле мектептин ички учётунда турган окуулар менен алдын-алуу боюнча сүйлөшүүлөр жүргүзүлүп, тушүнүк каттар алынып жатты. ИДНдин учётуна катталгандардан болгон жок. “Ишеним почтасы” ар жума сайын текшерилип жатты.

Мектеп мүдүрү: ____________ Губатулина Я.А.

Соц.педагог: ____________ Табылды к. Перизат